**А.Закиров атындагы орто мектебинин 2020-2021-окуу жылы боюнча окуу [illegible] иштерине анализ**

А.Закиров орто мектебинде 19 мугалим эмгектенет.

Мектептин окутуу жамаатынын алдына койгон максаты :«Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу учун ар бир окуучуга максаттуу,багыттуу билим берүү»болду.Ошондой эле негизги маселелердин бири келечектин ээлери болгон жаш муундарды чыгармачыл ойлоого үйротүү,аларды практикалык ишмердүүлүккө даярдоо.Мугалимдин заманга жараша өзгөрүшү,окутуу менен тарбиялоонун заманбап усулдарын колдонуп окуучулар үчүн кызыктуу сабактарды өтүү. Окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн педагогикалык ишти уюштуруунун жол жобосун жаны баскычка коюу керек . Мектеп 192 орунга эсептелинген 1991-жылдан тартып окуучулар окутулуп баштаган.

2019-2020- окуу жылында мугалимдер алдыга койгон максатынын үстүндө чыгармачылык , жоопкерчилик менен ийгиликтерге жетишти .

Алардын ичинде Эл агартуунун отличниги башталгыч класстын мугалими Мамбеталиева Бурма, башталгыч класстын мугалими Молдалиева Орозогуль коп жылдан бери жигердүү эмгектенет.Ошону менен бирге коп жылдан бери мугалимдик кесипти аркалаган тажрыйбалуу мугалимдерибиз физика мугалими Закирова Дуйшокан Асанбековна өз ишине өтө жоопкерчиликтүү жана мезгилдин талабына ылайык заманбап сабактарды өтүп,окуучулардын билимин терендетүүгө,кечекте билимдүү окуучуларды чыгарууга чоң салымын кошуп келет.Айта кетсек химия,биология мугалими Эшенкулова Нуржамал Буланбековна дагы окуучуларга татыктуу билимин берип , ал окуткан 9- класстын окуучусу Жекшембеков Кайрат деген окуучубуз биология сабагынан райондук олимпиядада 2- орунду ээледи.Жаш адис болсо дагы Иманов Жакшылыктын окуучусу, 10-класстын окуучусу Садбакасова Сайкал кыргыз тили сабагынан райондук олимпиядада 1- орунду ээледи.11-класстын окуучусу Ражапова Айсезим кыргыз тили сабагынан райондук олимпиядада 3- орунду ээледи ,мугалими Иманов Жакшылык эки жылдан бери сабак берет.

Жалпысынан алганда 2019-2020-окуу жылын 1-4-класстарда 58 окуучу,5-9-класстарда 80 окуучу ,10-11-класстарда 30 окуучу бардыгы 168 окуучу ошондой эле даярдоо классын 11 окуучу ийгиликтүү аяктады.